**УДК 101**

# С. К. РЫСБАЕВДИН 4-КЛАССТАР ҮЧҮН ЖАЗЫЛГАН “АДАБИЙ ОКУУ” КИТЕБИНЕ ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

***Жусупбаева Ш. Э. - ЗЭАУнун ага окутуучусу***

**Аннотация:** Бул макалада окуу китепке карата философиялык анализ жасалды. Этностук баалуулуктарды камтыганы каралды. Тарбиялык маанилүүлүгүнө көңүл бурулду. Этикалык көрүнүштөрдү сүрөттөөлөрүнө маани берилди. Эстетикалык табитти жарата алгындыгын эске алды. Мекенчилдикке үндөөсү, шыктандыруусуна баа берилди.

**Ачкыч сөздөр:** Усул, дүйнөгө болгон көз караш, мифология, дин, философия, баалуулук, мекенчилдик, адеп-ахлак, этика, эстетика, экзистенция, аң-сезим.

# ФИЛОСОФСКИЙ АНАЛИЗ КНИГ С. К. РЫСБАЕВА «ЛИТЕРАТУРНОЕ ЧТЕНИЕ» ДЛЯ 4 КЛАССА

***Жусупбаева Ш. Э. - ст. преподователь***

**Аннотация:** В статье дается философский анализ учебника. В том числе этнические ценности. Внимание было уделено воспитательной значимости. Внимание было уделено описанию этических явлений. Он учел умение создавать эстетические вкусы. Оценивались воодушевленность и патриотизм.

**Ключевые слова:** Метод, мировоззрение, мифология, религия, философия, ценности, патриотизм, мораль, этика, эстетика, экзистенция, сознание.

# PHILOSOPHICAL ANALYSIS OF C. K. RYSBAEV'S BOOKS "LITERARY READING" FOR 4 CLASSES

**Zhusupbaeva Sh.E. - Art. lecturer**

**Annotation:** The article provides a philosophical analysis of the textbook. Including ethnic values. Attention was paid to the educational value. Attention was paid to the description of ethical phenomena. He took into account the ability to create aesthetic tastes. The inspiration and patriotism were assessed.

**Key words:** Method, worldview, mythology, religion, philosophy, values, patriotism, morality, ethics, aesthetics, existence, consciousness.

Кыргызстан 2020-жылы дагы бир жолу силкинип, улам күч алып бараткан, кара тумандай каптаган коррупциялык саясатты сүрүп жок кылууга аракет кылды. Такка элди көп үмүттөндүргөн Садыр Жапаровду кош колдоп отургузушту.

Президентибиз ишке киришээри менен эле алгаачкы беш жарлыкка кол койду, алар:
1. Инсандын руханий –адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбия
2. Мамлекеттик жаңы кадр саясаты.
3. Кыргыз Республикасынын кен казуу тармагын реформалоо маселери.
4. Мигранттар жана этникалык кыргыздарн жөнүндө.
5. Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо.

Бул жарлыктардын ичинен биздин окутуучулук кесипке түздөн түз тиешелүүсү “Инсандын руханий–адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбия”. Адамды “биопсихосоциалдык жандык” деп философияда караганына карасак, жаштарыбыз чөйрөдө эмнени көрүп, окуганы кандай китеп болуп жатат. Жеткинчектерибиз окуп жаткан адамдын жан дүйнөсүнүн көркөм образын, адамдык сапатын калыптандырган адабий окуу китептерибиздин философиясы кандай болууда, мунун өзү **актуалдуу** маселе экендигин президентибиздин жарлыгынан эле байкасак болот.

Мени ушул маселе кызыктырып Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин төртүнчү класс үчүн жазылган “Адабий окуу” китебине философиялык анализ жасоого аракеттендим.

Философияда дүйнөгө болгон көз караш деген түшүнүк бар. Анын формалары катары мифтик, дининий, философиялык болуп негизинен үчкө бөлүнөт. Адамзат коомунун жалпы өсүп жетилген деңгээли илимий дүйнөгө болгон көз караш абалына жетти. Бирок али да мифтик, диний көз караштан арыла албаган, өнүгүүсү байыркы деңгээлдеги жапайы адамдардын коому дагы деле жер шарында жашап жатат. Өнүккөн коомдун жалпы мүчөлөрү жапырт эле илимий көз караншта болуп калат десек жаңылыштык болуп калат. Өнүккөн совет мамалекети да диний түшүнүктү толук жок кыла алган эмес. Азыр болсо кыргызстандагы коомдун басымдуу бөлүгү диний көз карашка өтүп баратышат. Окуучулар адабий китепти окубай калды деп көйгөй кылабыз, аны окуучулар диний чөйрөдө руханий азык катары, бир китептин оюн бир эле хадисттен образдуу эң сонун мисалдар (масала) аркылуу алып жатышат. Ошенитип адабий китеп ал окуучу үчүн анча деле маанилүү болбой калат. Бул да өзүнчө коркунуч. Интернетте кыскача маалыматтар аркылуу динди, жана башка көрүнүштөрдү жакшы, жаманын ылгабай үстөккө-босток балдардын тааным обьектисине коюшууда. Аң-сезим деген бул обьективдүү дүйнөнүн адамдын мээсинде чагылдырылган субьективдүү образы болгондуктан, психологияда белгилегендей баланын мээси ак барак сыңары чагылуунун натыйжасында баарын өзүнө сиңирипа алат. Бешикте жаткан балдарын “айнанайын терарисим”-деп энелер балдарын чоңойтпосо, террористтер арабыздан кайдан чыкты, “маңкуртум” дебесе Ч. Айтматов айткан “маңкурттар” кайдан чыкты. Айта турган нерсе окуучулардын арасында илимий ой жүгүртүүлөрдөн алыстап, аң-сезимдин диний формасы басымдуу болуп баратканы кооптондурбай койбойт. Сөзүбүз куру болбос үчүн сабактарда мугалимдер жердин, коомдун, тилдердин пайда болушун, акырындап калыптанган десе окуучу-“Алла дең агай, Алла дең, Аллах баарын жети күндө жараткан”- деп өзүнүн оюнан кайтпай коёт. Бул сабак мезгилинде чоң көйгөйгө айланат. Албетте эгерде авторитардык ыкма менен окутсаң, бир сөз менен тынчытсаң болот, ал эми демократиялык ыкмада кыйла машакатка айланат. Балдарды жаштайынан мечитке алып барып диний аң-сезимди терең сиңирип коюу, кийинки илимий аң-сезимдин калыптанышына кедергисин тийгизүүдө. Блогондо да окутуп жаткан дин кызматкерлери кандай мазгапта экендиги деле текшерилбейт. Биздеги диний ишеним ханафий мазгабы да буларга толук алы жетпей жаткандай. Көптөгөн таланттуу окуучуларыбыз ата-энесинин, коомчулуктун сүрөөнү менен дин кызматкерлеринин армиясын толуктоодо. Ошондой эле интернет дүйнөсү да баш ооруга айланды. Көп окуучулардын жан дүйнөсү интернет болуп калды, андан чыгып кетүүнүн өзү тозокко тете иш болууда.

Эсибизге келип этегибизди жыйбасак, балдардын тааным чөйрөсүн жакшыртпасак, келечекте коомубузду ыдыратып жок кылып алышыбызды кулагыбызга келечек шыбырап жаткансыйт. Канча деген кылымдарга Манас эпосу кыргыздарды бир муштум кылып, жок болуп кете турган жеринен эсине келтирип, керек учурда кайраттантып, орустардын улуу жазуучусу М. Горкийдин чыгармасындагы Данко жүрөгүн сууруп алып, аны маяк кылып элди карайлаган караңгылыктан алып чыккандай эчендеген доорлордо кыргыздар үчүн руханий жан дүйнө болуп берди, боло бермекчи деген ишеничтебиз. Бир труп Европанын жакшы маданияты менен катар ыплас маданиятынын коомубузда орун таап, колдоочулары кой деген кожосу жоктой аянттарды ээлеп митиңгдерди өткөрсө, ислам маданиятынын керемет пайдалуу жагы менен катар радикал исламчылар кыргыздардын илгертен келе жаткан дүйнө түшүнүктөрүн, ыйык жерлерин “ширк” деп, жаде калса Манас эпосуна “газават”да жарыялап жиберишкенинен кээде ишенбей да кетесиң. А Манас эпосу элибиздин кан жаны менен жашап келе жатат. Бул жөнүндө Б. Жусубалиев мындай деген- «—Манас— жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн таалим алуучу роман китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин ролун

аткарган» . Педагогика илимдеринин доктору С. Рысбаевдин иштеп чыккан мугалимдин антында Манас жөнүндө -“ Улуу Манас бабабыздын осуяттарын жаш муундардын аруу жүрөктөрүнө жеткирип, элибиздин биримдиги менен бакубаттуулугун, мамалекетибиздин көз карансыздыгы менен бүтүндүгүн коргогон патриот уул-кыздарды тарбиялап өстүрүүгө...”-ант беремин деген улуттук патриоттуулук сөздөр камтылган.

Белгилүү философ А.Ч. Какеев “История философской науки в Кыргызстане”- деген эмгегинде- “А. Тойнби пишет, что «судьба империй, основанннных номадическими завоевателями, начинается с резкой демонстрации власти, которая за тем быстро деградирует и распадается …средняя продолжительность жизни таких империй не более трех поколений, т. е. 120 лет”-деп көчмөндөрдүн империялык жашоосунун узактыгын сүрөттөп жазганын мисал келтирген. Чындап эле Кыргыз элинин гүлдөгөн доорлору жана таптакыр жер менен жексен болоор учурлары да болуп, жок болуп кетүү коркунучтарын да далай ирет баштарынан өткөрүштү,бирок жок болуп кетишпеди. Эмнеден деген суроого элдин руханий дүйнөсүн түзүп турган дини, адабий чыгармаларынан издесек болчудай. Деги адабият деген эмне? Карап көрөлү.

Адабият (илим) (араб - адептүүлүк, ыймандуулук) – искусствонун сөз өнөрү менен ишке ашуучу, дүйнөнү образдуу чагылдырууга негизделген түрү. Бул түшүнүк кең мааниде бардык эле жазылган чыгармаларга карата колдонулат. Маселен,илимий адабият, техникалык адабият, медициналык адабият жана башка. Ал эми тар мааниде – көркөм чыгарма дегенди билдирет. Адабият адам жаралгандан бери эле жашап келет. Кыргыздарда термин катары бул сөз революциядан кийин тилибизге кошулду. Көркөм адабият – коомдук аң-сезимдин бир формасы. Анын өсүшү, өзгөрүшү ошол коомдук турмуш менен тыгыз байланыштуу. Искусствонун айрым түрлөрүндө, мисалы, сүрөттө – боёк, бийде – кыймыл-аракет, музыкада үн негизги курулуш материал болсо, адабиятта мындай кызматты сөз аткарат. Ошондуктан анда ар кандай идея, тема сөздүн жардамы аркылуу ачылат. Ооба Кыргыз элинин ооз эки адабиятынын туу чокусу болгон Манас эпосу кыргыздарды сактап эле калбастан, ЮНЕСКОнун сересинен орун алып, дүнүйөлүк маданиятка жалпы руханий байлык болуп, Кыргыз элинин кадыр-баркын көтөрдү.

Адабият оозеки айтылса, анда ал угууга ылайыкталат, ал эми жазуу формасында болгондо окурмандык кабыл алууга ыңгайлашат. Адабиятта ар түрдүү тектер, жанрлар турмушту чагылдыруунун өзгөчөлүктөрүнө ылайык аракеттенет. Ал адамдарга таанууучулук, тарбиялоочулук, өстүрүп-өнүктүрүүчүлүк, эстетикалык рахат берүүчүлүк кызмат кылат да, ар түрдүү көркөм методдордо, агымдарда ар кыл өзгөчөлүктөргө ээ болот.

Адабият адамдын жан дүйнөсүнүн инженери катары кызмат кылып, жаш жеткинчиктердин дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууда негизги орунду ээлейт. Орус элинин улуу жазуучусу В. Г. Белинский адабият жөнүндө мындай дейт-“Адабият- элдин аң-сезими, жарыгы, жемиши, алардын жашоо турмушу”.

Адабият кандай жазылыш керек? Совет мезгилиндеги адабият теориясын алып көрөлү. Анда мындай деп жазылат-“Советтик реализмдин эң башкы белгиси-бул эски социалдык коомду өзгөртүүнү билишкен жана ал үчүн жанын аябаган революционерлердин, социализмди куруучулардын жаркын образын түзгөндүгүндө, социалдык турмушту, революциялык өнүгүштү, тарыхый чындыктарды адилеттүүлүк менен терең талдап сүрөттөгөндүгүндө”

Ал эми жаңы доордун өзгөчөлүгүн философия илимдеринин доктору О. А. Тогузаков мындай деп жазган -“XXI-кылымдын башатында келечекте демократиялуу граждандык коомду курууга умтулган элибиздин жалпы адамзаттык, цивилизациялык жана этностук (улуттук) баалуулуктарды айкалыштырып өздөштүрүү зарылдыгы келип чыкты”. Ушул ойду улай Э. Мамбетакунов тарбиялоонун максатын мындай деп айткан -

"Эгерде, тарбиялоо процессинин максаты коомдун нукура абалына ылайыктуу аныкталбай калса, анда тарбиялоо системасы сөзсүз түрдө кризиске учурайт".

С.Рысбаевдин китеби жогорудагы талапта айтылгандай баштан аяк этностук баалуулуктарды эске алуу менен, мезгил талабына шайкеш келген, ошол эле учурда жаш балдардын кабылдоо өзгөчөлүгүн эске алып, мифтик түшүнүктөрдү колдонуу менен адеп-ахлак, этика, эстетика, мекенчилдик, билим, илим, техника, технология түшүнүктөрүн илимий методиканы кылдаттык менен колдонуп, философиялык усул жагынан советтик доордо калыптанган материалистик диалектиканын усулун чеберчилик менен пайдаланган. Ушундай жакшы китептер уланып жазыла береби же ички, сырткы идеологиялардын таасири менен өзгөрүп кетеби деп да чочуйсун.

Китептин башталышында мекенибиз Кыргызстан жөнүндө рационалдуу, так даана маалымат берилет. Андан ары улуттук каада салттар боюнча аңгемелер киргизилген. Каада салт дегенибиз бул кандайдыр бир элдин турмуш тиричиликтеги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормалары, эрежелери, ырым-жырым, адеп-ахлак, каада-жөрөлгө, жол-жобо лордун жыйындысы болгондуктан ар бир этностун мүчөсүн төрөлгөндөн жашоосунун акырына чейин коштоп жүрүп отурат.

Каада салт, үрп-адатсыз эл эл катары да бааланбай этнос өзүнүн эн белгилерин жоготот. Автор "Азан чакырып ат коюу", "Алтын бешик", "Эне", "Кыргыз элинин көркөм кол өнөрчүлүгү", "Боз үй", "Улуттук тамак аштар", "Ордо оюну", "Ата журтка жеткен комуз" деген темаларда үрп-адаттар, каада-салттар жөнүндө, ошондой эле жаңылмачтар жана макал айтышуулардын жол жоболору жөнүндө айткан. Окуучулар бул каада салттарды окуу менен, мурда көз алдында тажрыйба катары көрүп жүргөндөрү китеп аркылуу такталып аң-сезиминде корутундулоо аркылуу элеси калат. Бул болсо окуучунун инсан болуп калыптануусуна алгачкы баскычтардан болуп эсептелет. Аңгемелерде берилген көркөм образдар балдардын кызыгуусун арттырып, эстетикалык табитин өстүрөт. Илимде "Эстетика (грек тилинен aisthetikos - сезүүчү):искусстводо, көркөм чыгармачылыкта, табиятта жана турмушта сулуулуктун маңызы жана формасы тууралуу окуу; адамдын болмуш көрүнүштөрүнө эстетикалык баа берүүсүн жана көркөм иш-аракеттер чөйрөсүн изилдеген философиялык илим"-деп айтылгандай окуучулардын энеге,мекенге, кол өнөрчүлүк, ордо ойюну айрыкча окуучу кыздар үчүн боз үй, досторкон жасалгасы, оокат ашы жөнүндө жакшы элестер калыптанат. Сүрөт жасалгалары да улуттук менталитетке жараша ылайыкташтырылган.

"Барсбек кагандын эрдиги", "Эр Табылды баатырдын эстеликтери", "Чолпонбайдын эрдиги", "Курманжан Датка энебиздин насааты", "Айдалысы жерге тийбеген Кожомкул балабан" деген темадагы аңгемлер, "Айкөл Манас баатыр", "Семетейдин Таласка келиши", "Сейтек – ата жолун улантуучу", "Эр төштүк"эпосторунда ошондой эле "Ата журтка айтаарым" деген ырда мекенчилдикке үндөө, эли жерин сүйүүгө, аны көзүнүн карегиндей сактоого баланын мүнөзүнүн калыптануусуна өбөлгө түзөт. Маселен Семетейдин Таласка көчүп келишинде ата-журттун ыйыктыгы, улуулугу мындай сүрөттөлөт-"Аз күн жүрүпСеметей,

Айтылуу Талас жерине,
Эки энесин Букардан,
Көчүрүп келди элине.
Кең Таласты көргөндө,
Каныкей шордуу кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
-Кең эмес Талас тар беле,
Келем деп оюм бар беле?!
Аман жеттим бул жайга,

Арманым жок Кудайга.
Оңдоду Кудай ишимди,
Келтирди Кудай түшүмдү.
Түшүм туура келди деп,
Каныкей көчүн түшүрдү”. Ал эми баатырлык сүрдү “Эр Манастын турпаты” деген темада мындай деп айтылат: “Болжолуна краса,
Болот өткүс кара таш,
Күрсү тийсе оюлгус,
Туюк сөөк, чулу баш.
Аз кийгеним дегени,
Атан төөлүк жүгү бар,
Адам уулу тик бакпас,
Ажыдаар түгү бар.
Сакалы саадак кабындай,
Муруту сайса өткөндөй,
Букарлыктын шабындай.
Ызгаардуу айткан сөзү бар,
Шыркыраган ширендей
Кызыл жалын көзү бар!”.

“Кожожаш мерген”, “Асан Кайгы бабабыз жана анын насааты” деген темаларда экология көйгөйү козголуп, ошол байыркы эле доорлордо жаратылышка аяр мамиле кылуу жөнүндө насаат аңгеме, жомок, эпостор жаралганын көрөбүз. Ошол доордо жаралган чыгармалар ушул күндөрдө да актуалдуулугун жоготкон жок. Көркөм сюжеттер, образдар балдардын экологиялык аң-сезиминин калыптануусуна өбөлгө болот. Маселен “Кожожаш” эпосунда-“Кейибегин алганым,
Кетти ичимде арманым,
Бир эчкинин зарынан,
Билбедим ташта калганым.
Караны кийип кайгырып,
Жесирлик күндө калганың.
Кыйнабайын баарыңды,
Кырбаймын бекер малыңды,
Эптеп үйгө алып кет,
Эскирген карып чалыңды.
Эсиңе ал сен Зулайка,
Эсилиң мерген жарыңды.
Эчкини кууп, ташта өлдүм,
Кимге айтайын зарымды”-деп Кожожаш арманын айткан экен. Албетте бул чыгарма өз дооруна жараша мифтик түшүнүк менен терең байланышта. Бул жаш балдардын аң-сезимине абдан сиңимдүү, себеби балада али конкреттүү илимий билим калыптана элек болгондуктан чыгарма абдан кызыктуу, таанып билүүсүнө жеңил. Мифтик түшүнүк – аалам жана андагы адамдын ордун баатырлар жана кудайлар аркылуу адамдын фантастикалык чагылдырып түшүнүүсү болгондуктан, бул чыгармалар баланын ой түшүнүгүнө, жашына туура келет. “Асан Кайгы бабабыз жана анын насааты” чыгармада жан жаныбарларга боору ооруп, балдарга мындай насаатын тизмектелген ырлар менен калтырган экен – “Салган тамы жок,
Кылган камы жок,
Алган даны жок,
Баккан малы жок,
Мал багарга алы жок,

Көзү-башын көгөртүп,
Баягы көөгөн байкуш кантти экен?
Көрө турган көзү жок,
Чымын байкуш кантти экен?
Тарбаңдаган шор тумшук,
Ташбака байкуш кантти экен?
Боору жерге жабышкан,
Баса албаган балчактап,
Бака байкуш кантти экен?
Куйругу жок, жалы жок,
Кулан байкуш кантти экен?
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?”. Не деген керемет сүрөттөө. Ушундай боёкторго бай жаратылышка болгон экологиялык чыгарманы бабаларыбыз калтырган экен.

“Кыргыздардын чечендик сөздөрү”, “Кыргыз элинин тыюу жана буюруу сөздөрү”, “Элдик жаңылмачтар”, “Акылдын күчү”, “Биринчи калп”, “Экинчи калп”, “Эне тилибизди урматтайлы, сактайлы”, ”Баласагын бабабыздын насаат сөзү”-деген темаларда сөз байлыгынын кудуретин, акылдын күчүн көркөмдүү образда берип, окуучулардын ораторлук мүмкүнчүлүгүнө шоола чачат. Тил жөнүндө залкар жазуучубуз Ч. Айтматов “Тил улуттун кубанса кубанычы, кайгырса кайгысы жана акыл эси, тилсиз улут болбойт”-деп улуу философиялык сөзүн айткан.

“Ашар көңүл ачар”, “Бир көчөнүн балдары”, “Кумурскалар коому” темаларында адам жана жамаат маселеси козголуп, индвидуализм, коллективизм, ынтымак, социялдашуу категориялары каралып, окуучуларга адам адам менен гана адам экендиги, ынтымактын улуулугу, ырыс алды ынтымак экендиги тартууланат.

“Сот болгон коён”, “Бакыт издеген бала”, “Булбул менен жылан” -деген темаларда жакшылык, жамандык, адилеттүүлүк, адилетсиздик, өлүм жана тирүүлүк, ак эмгек категорияларында жазылган чыгарма тамсил жана уламыш аркылуу окуучулар үчүн жугумдуу, түшүнүктүү жол менен берилген.

“Улуу манасчы Саякбай Каралаев”, “Жигит өлүмдөн калды”, “Алгачкы кадам”, “Калк кадырлаган куудул куйручук атабыз”, “Торгой акын”-деген темаларда өнөрдүн улуулугун, искусство чеберчиликтерин баяндап берет. Манас эпосу аркылуу элдин эпоско болгон эстетикалык табити Ч. Айтматовдун сөзү аркылуу абдан жогорку деңгээлде сүрөттөлгөн.

“Мурат”, “Карыя калыс айттыбы”-деген темаларда экзистенциялык маселелер көтөрүлүп адамдын жашоосунун маңызы эмнеде, кандай болуш керек, кайсынысы чындык болот дегендей суроолорго жооп бергенсийт. Бул чыгармалар балдарды, болгон окуяларга эмоциялык таасирленүүгө алып келет.

“Умай эне”, “Эненин жүрөгү”-деген темаларда эне жөнүндө улуу ойлор айтылган. Умай эне кыргыздардын диний түшүнүгүндө жашап келе жаткан балдардын коргоочусу катары каралат. Белгилүү философ аалым Ы. М. Мукасов Умай эне жөнүндө “Умай энеге – деп жазат С. М. Абрамзон,- жаңы төрөлгөн наристени ар кандай кырсыктардан сактоосун суранып кайрылышкан. Аны көбүнчө жаш бала ооруп калганда көп эскеришкен. ...Калы бар наристени Умай эненин колунун изи түшкөн бактылуу бала деп эсептешкен. Умай түнкүсүн жаш баланын бетин жууйт деп ишенишкен”-деген улуу тарыхчы С. М. Абрамзондун Умай эне жөнүндө айтканын мисал келтирет.

“Тыт”, “Тенлибай тентек”-деген чыгармаларда адеп-ахлак жөнүндө маселе көтөрүлүп, адамдардын этикасы жөнүндө айтылган. Мында адамдарга мүнөздүү болгон жүрүш-туруш чеберчилик менен баяндалган.

“Үчүнчү шар”, “Асмандан алыска кат”, “А-1” самолётун учуруудугы менин жаңылыштыгым”, “Самолётум кайда”, “Цереброскоп-2” -деген темаларда фантастикалык аңгемелер берилип, окуучулардын аң-сезимин күнүмдүк аң-сезимден илимий аң-сезимге өтүүсүнө, ой жүгүртүүсүнө, элестетүүсүнө шарт түзүп, баланын так илимдердеги сабакты кабылдоосун жакшыртат. Философияда аң-сезимдин деңгээли күнүмдүк андан жогоркусу илимий аң-сезим деп аталат. Илим деген эмне? Философиялык адабияттарды карап көрөлү. Илим — болмуш (жаратылыш, адам, коом, ой) жөнүндө объективдүү жаңы билимдерди теориялык жактан системалаштырып, иштеп чыгууга багытталган илимпоздордун, алардын билимдери менен жөндөмдүүлүктөрүн, квалификациясы менен тажрыйбасын; илимий эмгектин бөлүнүшү менен кооперацияланышын; илимий мекемелердин эксперименталдык жана лабораториялык жабдууларынын бардык шарттары менен жагдайларын; илимий изилдөөнүн методдорун, түшүндүрмө аппаратын, илимий информациялардын системасын, ошондой эле өбөлгөсү да, каражаты да, илимий өндүрүштүн натыйжасы да боло алуучу даяр билимдердин жалпы суммасын камтыган ишмердиктин бир түрү; коомдук аң-сезимдин бир формасы.

Жыйынтыктап айтканда коомдун баалуулуктары өзгөргөн, ааламдашуу процесси күчөгөн сайын диалектиканын мыйзамына ылайык улам жаңы сапаттар пайда болууда. Ага жараша жаңы китептер чыгууда. Улуттун менталитетине туура келбеген көрүнүштөрдү камтыган китептер сатылууда. С. К. Рысбаевдин 4-класстар үчүн жазылган “Адабий окуу” китеби кийинки чыга турган китептер үчүн этностун баалуулугун сактап кыргыз этнопедагагикасын чагылдыргандыктан, окуучулардын жаш курагын, психологиялык өзгөчөлүгүн эске алгандыгынан, маалыматтар ырааттуу тизмектелип ар тараптуулугу эске алангандыгынан үлгү катары кызмат кылат деп ишенебиз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Бокошев Ж. Б. Философия. Окума.-Жалал-Абад. 2002-ж.
2. Какеев А. Ч. “Философская мысль в Кыргызстане: поиски и проблемы. -Б. 1995-ж.
3. Мукасов Ы. М. Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы -Б. 2004-ж.
4. Мамбетакунов Э. Педагогиканын негиздери. Окуу куралы. Б.2019-ж.
5. Рысбаев С.К. Рысбаев. Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш. -Б. 2013-ж.
6. Тогузаков О.А. Философия. Окуу куралы. -Б.2015-ж.
7. Иманалиев К. Кыргыз Совет адабияты. IX-X класстар үчүн окуу китеби. - Ф. 1986-ж.
8. https://krc.m.wikipedia.org> wiki Адабият.
9. https://ru.m.wikipedia.org> wiki Эстетика.